артисти, белгилүү комузчу Закирбек Дүйшөнбек уулу, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, “Акак” комузчулар ансамблинин көркөм жетекчиси Ирина Суеркулова ж.б.

Калыбек Шейшеновичтин көзү өтсө да анын калтырып кеткен эмгектери кыргыз маданиятына кадимкидей эле кызмат кылып келе жатат. Анын нотага түшүргөн күүлөрү, ырлары окуу процессинде кеңири пайдаланылып, жаш муундардын жан дүйнөсүнө ата мурасы болгон комуз күүлөрүн сиңирүүдө орчунду орунду ээлеп турат.

Бизге чейинки педагог-музыкант-комузчулардын эгемендүүлүк жылдардын башында алгачкы саамалык катары жасаган эмгектери бизден кийин да актуалдуу бойдон кала берет.

Кыргызстандагы комуз класстары, деги эле музыкалык билим берүү Европалык музыкалык билим берүүгө салыштырмалуу абдан эле жаш. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болуу менен, музыкалык дүйнөдөгү өз алдынчалык абалын бекемдеп келет. Тарыхый жактан алганда, анын түзүлүшү негизинен советтик мезгилдеги музыкалык-педагогиканын мыкты салттарына таянат.

Учурда Кыргызстандын чыгармачыл окуу жайларында, дүйнөлүк билим берүүнүн тажрыйбаларын жергиликтүү шарттарга интеграциялоо иштери жүрүп жатат. Алар академиялык алмашуулар, чебер-класстар (мастер-класс), гранттарды өздөштүрүү ж.б. түрүндө өтүүдө [3, 115-б.].

Республикабызда акыркы эки жылда аткарылып жаткан иштер мындан ары билим берүү жана маданият тармагында да олуттуу жылыштар болорунан кабар берип жатат. Ошого байланыштуу бул багытта эмгектенгендер колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен улуттук маданиятыбызды улантууга салым кошуп кеткендердин жана учурда эмгектенип жаткандардын кылган иштерин туура баалап, алардын руханий мурастарын келечекке кемитпей жеткирүүгө милдеттүүлүгүбүздү унутпайлы. Устат-шакирт салтынын улуу көчүн улантуучулар эч убакта унутта калбай урпактарыбыз үчүн үлгү болуп, бийикте туруусу биздин келечек алдында аткаруучу атуулдук парзыбыз.

Ал эми улуу устат, таланттуу педагог Жекшенов Калыбек Шейшеновичтин музыкалык билим берүүдө салттуу комуздун ордун аныктап, аны окутуу боюнча аткарып кеткен эмгеги кыргыз эли менен кошо кылымдарды багынтып, мезгил менен шайкеш кадам таштап дагы да далай мезгилдерди эсебинен өткөрөрүнө терең ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер /Түз. кошумча түшүндүрмөлөр жана алгы сөз жазган Ө. Караев, – /Кырг. котор. котормочулар жамааты/ Б.: “Айбек” фирмасы, 1997– 456 б.
2. Виноградов, В. С. Киргизская народная музыка [Текст] / В. С. Виноградов,– Ф.: Киргосиздат, 1958. – 334 с.
3. Затаевич, А.В. Кыргызские инструментальные пьесы и напевы [Текст] / А.В. Затаевич. – Фрунзе, 1971.
4. Кыргыз Республикасындагы көркөм өнөр окутуусу XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү аналитикалык доклад «КМШ мамлекеттериндеги көркөм өнөр окутуусу: XXI кылымдагы чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрдүн өнүгүүсү» ЮНЕСКО жана МГКФ пилоттук долбоордун алкагында даярдалган Б.: 2011
5. Ушинский, Л. Педагогические сочинения [Текст] / Л. Ушинский. – М.-Л., 1948. – 488 с.

УДК:74

DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-271-278

**Заркунов Марат Асанович**
И. Арабаев атындагы КМУ, көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасы, ага окутуучу
**Заркунов Марат Асанович**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра ИЗО и дизайна, старший преподаватель
**Zarkunov Maran Asanobich**
KSU I. Arabaev, Department of Fine Arts and Design, Senior Lecturer

# ДИЗАЙНДАГЫ СҮРӨТ САБАГЫ ЖАНА АНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ
# РИСУНОК В ДИЗАЙНЕ И ЕГО ПРОБЛЕМЫ
# DRAWING LESSON IN DESIGN, ITS PROBLEMS

**Аннотация:** Бул макалада көркөм сүрөт сабагындагы көйгөйлүү маселелер боюнча ой жүгүртүлүп, изилденип, буларга альтернативдүү ыкмалар сунуш кылынды. Көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасындагы көйгөйлүү маселерди чечүү үчүн иш планына өз убагында өзгөртүүлөрдү киргизүү керек экендигин далилдейт.

**Аннотация:** В этой статье представлены альтернативные подходы к проблемам по предмету рисунка путем размышлений и исследований (пути размышлений и исследований). Для решений проблемных задач кафедры ИЗО и дизайна, должен быть внедрён подход современного изменения учебного плана.

**Annotation:** This article presents alternative approaches to problems on the subject of drawing through reflection and research (paths of reflections and researches). To solve the problematic tasks of the Department of Fine Arts and Design, the modern change in the curriculum should be introduced.

**Негизги сөздөр:** академикалык сүрөт тартуу ыкмасы, архитектоника, иллюстрация, композиция, конструкция, конфигурация, объект, пластикалык анатомия, пропорция, ритм, силуэт, сызык, торс, чийүү, чийүү геометриясы, фигура, эстетика.

**Ключевые слова:** академический рисунок, архитектоника, иллюстрация, композиция, конструкция, конфигурация, объект, пластикалык анатомия, пропорция, ритм, силуэт, линия, торс, черчение, начертательная геометрия, фигура, эстетика.

**Keywords:** academic drawing, architectonics, illustration, composition, construction, configuration, object, plastic of anatomy, the progress, proportion, rhythm, silhouette, the line, torso, drawing, descriptive geometry, figure, aesthetics.

Биздин кыргыз жергесине «дизайн» деген түшүнүк кечирээк жетип, сексенинчи жылдардын ортосунан өтүп барып, анын маанисин, эстетикасын адамдар акырындык менен сезе баштады. «Кайра куруу мезгили» менен мурунку өткөн мезгилдердеги көп бейтааныш түшүнүктөр ачыкка чыгып, алардын анча деле жоолаша турган коркунучтуу нерселери жок экенин убакыт ачыкка чыгарып, көргөзүп койду. Айрыкча көркөм адабият жана кино өнөрүндө көптөгөн кызыктуу, суктанаарлык чыгармалар менен тааныштык.

Ал мезгилде жалгыз эле көркөм сүрөт окуу жайы болуп, С.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайы болгон, бирок ал атайын орто билим гана бере алган. Бул окуу жайында дизайн бөлүмү сексенинчи жылдары ачылып, буга себепкер болуп, ошол кезде Ленинграддын В.Мухина атындагы жогорку көркөм окуу жайын бүтүрүп келген кыргыз жаштарынан турган бүтүрүүчүлөрү себепкер болушкан.

Сексенинчи жылдын доору бүтүп, токсонунчу жылдары сырттан, чет өлкөлөрдөн автоунаалар жана дагы башка буюм-тайымдар келе баштады. Муну менен катар эле эл дизайн деген сөздүн маанисине кенен-кесири түшүнүп, ал түгүл дизайн бир нече түргө бөлүнүп кетээрин дагы билишти. Биздеги ошол кездеги айлана-чөйрөбүздөгү бизди курчап турган буюмдардан, сырттан келген буюмдардын технология жактан болсун, көркөм жасалгасы жагынан болсун алда канча эле артыкчылык кыларын байкадык.

Ал түгүл чачты тегиздөөтүдөгү чачтын дизайны, күнүгө колдонулуп жүргөн буюмдардын ар бирине мүнөздүү сырткы келбети, түзүлүшү, ыңгайлуулугу, сырткы келбетинин татынакай көркөмдөлүп жасалышы, булардын бардыгы тең дизайн деп айтсак жаңылышпайбыз.

«Дизайн" деген сөз бүгүнкү күндө дээрлик бардык жерде колдонулат: чач жасалгалоодон инженердик дизайнга чейин, кинодекорация дизайнынан кондитердик дизайнга чейин, өсүмдүк жана ландшафт дизайнынан экологиялык дизайнга жана ал тургай телевизордун дизайнына чейин. Сөз айкалыштары бар: «кийим дизайнери», «эмерек дизайнери», «чырак дизайнери» ж.б. Дизайнер кесибинин өзү формасын жоготуп, ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө сиңип кеткен. Дизайндын мындай кеңейиши табигый процесс. Бардык иш-чаралар пландаштыруунун жана уюштуруунун элементтерин, түзүмдөрдү, иш-аракеттердин ырааттуулугун, тигил же бул жол менен долбоорлоону мүнөздөйт. Дизайндын тарыхын билүү кесипти аңдап билүүгө гана эмес, ошондой эле профессионалдык ишмердүүлүктүн башка тармактарында образдуу моделдөө, пландаштыруу, рационалдаштыруу ыкмаларын киргизүүгө да салым кошо алат. Дизайн модалуу кесипке айланды, анткени чыгармачыл инсандардын бир катар муундары аны жагымдуу кылып, жашоону уюштурууда жана маданиятты өнүктүрүүдө дизайнерлер мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүштү [1].

Азыркы күндө дизайнер деген кесипте дизайндын бардык түрлөрүн алып кете албайт. Албетте жалпы түшүнүгү бар дегенге болот, бирок ар бир түрүн талдай билип алып кете алат деген кыйын иш. Дизайндын түрлөрүнө байкоо салсак; чөйрө дизайны, бул архитектурага байланыштуу, бөлмөнүн ичиндеги эмеректерди долбоорлосо, сыртта болсо ар кандай жарнамалык же афишалык такталар же болбосо дагы бир декоративдик объектилерди долбоорлойт. Өнөр-жай дизайны самолет, суу кемеси, автоунаалардан баштап колубузда кармап отурган уюлдук телефонго чейин сырткы келбетин иштеп чыгат. Графикалык дизайнда болсо ариптерге байланыштуу; китептер, журналдар, көчөлөрдө илинип турган жарнамалык баннерлер, тамак-аштарга, кийим кечелерге жана дагы майда-бачек нерселерге чейин жасалган этикеткаларга чейин, фирмалык стилин долбоорлоо, эн тамгасын иштеп чыгуу сыяктуу көптөгөн жумуштарды аткара алышат. Ал эми кийимдин дизайнери дагы өзүнчө кесип. Кийимдин келбетин ойлоп таап, анын конструкциясынын долбоорун дагы иштеп чыга алат.

Бүгүнкү күндө республиканын окуу жайларында негизинен дизайнерлердин үч кесибин даярлап чыгып жатышат. Булар; графикалык дизайн, чөйрө дизайны, кийим дизайны. Дизайн – инсан үчүн предметтик чөйрөнү, визуалдык коммуникация жана маалыматтык системаларды өнүктүрүү, адамдын жашоосун жана ишмердүүлүгүн функционалдык, рационалдуу негизде уюштуруу менен байланышкан дизайн жана көркөм иш-аракеттин бир түрү. Дизайнер өз ишинде долбоорлоо куралдарынын бүт арсеналын колдонот: техникалык дизайндан, макеттен - композициялык калыптандырууга, стилди

калыптандырууга чейин; функционалдык талдоодон предметтик чөйрөнүн уюштуруучулук, концептуалдык моделдерине чейин [7].

Адамдын кабыл алуу сезиминин негизги касиеттерин түшүнгөндө көп нерсе айкыныраак болот. Адамдын предметке кандай мамиле кылганын, аны кандай колдоноорун, ага баа берерин, айырмалай турганын, салыштырганын үйрөнөбүз. Кабыл алуу механизмин изилдөө менен гана биз бул объект эмне үчүн бизге сулуу болуп көрүнөрүн, объектти кантип кооз кылууну жана бүт объекти чөйрөнү гармониялуу кылууну түшүнүүнүн ачкычын алабыз [2].

Дизайнер кесибин даярдоодогу белдүү компонеттер; дизайндын негизи, дизайн-студия, долбоорлоо, түстү талдоо, дизайндагы композиция, живопись сыяктуулардын арасынан сүрөт предмети башкы, негизги ролдорун бирин ойнойт деген ойдомун. Жогоруда кенен токтолуп кеткен кооздугун, көркөмдүүлүгүн, функционалдуулугун жаратууда бир топ баскычтан өтүүгө туура келет. Дизайнер-сүрөткер жасайын деп жаткан буюмун материялдаштыруудагы көкүрөгүндөгү жаткан ойду алып чыгып жатканда, албетте анын сүрөтүн чиймелеп, биринчи кагаз бетине түшүрөт. Ал жасалчу буюмдун каркасын-сөөгүн, конструкциясын, келбет көлөмүн жана ой-түшүнүгүн карандаш аркылуу кагаз бетине түшүрөт. Демек биринчи кадамдан баштап эле сүрөт сабагы жардамга келет. Сүрөт сабагынын касиеттери жеке эле дизайнерди эмес, живописчилерге, графиктерге, скульторлорго, кино сүрөтчүлөрүнө, кинорежиссерлого, театр режиссерлоруна жана дагы айтылбай калган көркөм өнөр адамдарына чоң жардамчы катары колдонулуп келген өнөр.


Бүгүнкү күндөгү мезгил талабы болуп, сүрөт сабагынын методикасын өзгөртүп, жөнөкөйлөштүрүүгө туура келип жатат, буга албетте чоң себеп бар. Мурунку көнүмүштүү советтик жогорку окуу жайларындагы беш жылдык, толук жогорку билим алуудан, Болоньялык үч баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү системасынын биринчи баскычы болгон бакалавриятта, айрыкча профилдик предметтер боюнча бөлүнгөн сааттардын өтө эле азайып калышы менен студенттердин билим алуу сапатынын денгээли төмөндөп, жыл өткөн сайын кыйындап баратат [3].

Бул көйгөйлүү маселеде «сүрөт» предметинен сабак берген окутуучулардын арасында, көпчүлүк убактарда бири-бирибизге каршы чыгып, экианжы болуп турган маал. Себеби бир жагыбыз баягы эле советтик доордогу толук кандуу жогорку билим алуу системанын жолу менен эле кетсек дегендер бар. Мындай учурда баягы эле предметтерге бөлүнгөн «бир ууч» болгон кенедей сааттарга барып такаласың. Ал эми өтүлүүчү тапшырмалар көп. Мурункудай эле «жөнөкөйлүктөн татаалдыкка», жөнөкөй предметтерден баштап, натюрмортко өтүп андан соң адамдын портрети жана фигурасына өтүп кетүү деген көрүнүш ыгы жок чачылуу болот го деген ойдомун. Анткени бир тапшырманы эле маңызын чыгара аткаруу узагыраак убакытты талап кылат, ар бир ташырмага эле жыйырма саат же андан да көп кетип калышы ыктымал. Мындай көйгөйлүү көрүнүш менен көптөгөн тапшырмаларды төрт жылдык убакытта аткарып кетүү деген, менин оюмча ишке ашпаган маселе, жомок.

1-сүрөт.   2-сүрөт.


Ар бир тапшырмага аз эле сааттардан берип, андан соң көптөгөн темаларды өтүп, адамын фигурасын жетип барышта студент мынчалык «оор жүктү» көтөрө албай калат, ар бир коюлган тапшырманын мүдөөсүнө жетпей калат дагы, студент «чийки бойдон» чала сабат болуп кала берет. Бул өтө эле өкүнүчтүү нерсе. И.Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде «сүрөт» сабагы 1-курста эле өтүлөт дагы, бир жылга жүз алтымыш эле саат менен чектелет, бир артыкчылыгы «атайын сүрөт» деген дагы сабагы бар, ал экинчи курстун жазгы семестринде, үчүнчү курстун күзгү семестри болуп дагы жүз алтымыш саат берилет, бул жерде жалаң эле адамдын фигурасы бир шилтем ыкмасы менен иштелет, бир жыл ичинде жогорку деңгээлде болбосо дагы кандайдыр бир тыянак чыгарууга болот. 1-2-сүрөттөр. И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинде дизайн кесибине «сүрөт» сабагы боюнча эки жарым жыл убакыт берилет дагы, жүз жыйырма саат эле болот. «Сүрөт» сабагы дизайнга эле тийешелүү эмес, жалпы эле көркөм сүрөт дүйнөсүнө уңгу болуп берчү предмет. Демек бул жерде бир тыянак чыгаруу зарыл маселе.



Сүрөт 3


Жумуш башталуу процессиндеги биринчи сабакка койулуучу предметтин түзүлүшү жөнөкөй, аткарууга жеңил болуусу зарыл. Бул иш тартиби качантан бери эле келе жаткан, ар бир дасыккан окутуучу жакшы түшүнгөн иш тартиби болуп эсептелинет. Ушул себепке байланыштуу геометриялык фигура болгон куб койулат. Студент кагаз бетине сүротүн түшүрүп жатканда, окутуучу тарабынан шаштыруу жарабайт. Бул жаңы иш баштап жаткан үйрөнчүккө оңой эле аткарыла койчу тапшырма өңдөнүп көрүнөт дагы, жарым саат өтпөй эле ал алсыздыгын сезе баштайт. Албетте перспективанын эрежелери студентке бейтааныш нерсе же болбосо чала тааныш болушу ыктымал. Берилген форматка түшүрүлүп жаткан объектти туура жайгаштыруу, ар бир сызылып жаткан сызык түз жана так түшүрүү иши оңой-олтоң иш эмес. Бул аткарылып жаткан жумуш он саатта аткарылуучу сүрөт. Дагы бир жолу кайталайт элем, үйрөнчүктү шаштыруу жарабайт. Кагаз бетине ар кайсы тарапка түз сызык жүргүзүү деген баштапкы мезгилде чоң эле кыйынчылыктарды жаратат. Жумушун штрихи жок эле, жалаң эле сызыктар менен бүтүрүп

койуусу керек. Кубдун бул түзүлүшү, конструкциясы, узун, туурасы, капталдап кетип жаткан сызыктар, перспективанын мейкиндикке сүңгүп кетип жатканын, аралыкта аркы тараптары уламдан кичирейиши, студенке өмүр бою эсине сактап кала турган чоң сабак болуш керек. Биринчи эле сабакта перспективанын эрежелерин жакшы өздөштүрүп, тереңдетип билип алганы болочок дизайнерге эле тийиштүү эмес, жалпы эле көркөм сүрөт өнөрүнө кызыккан живопись, графика, скульптура, кино жана театр сүрөтчүсү болом дегендерге жалпы эле тиешелүү. Ушул себепке байланыштуу, окутуучу жаңы эле кадам таштап, бир нерсе үйрөнүп алайын деген үйрөнчүк студентке, шаштырбай тереңдетип билим берүүсү зарыл [4].





Сүрөт 4

Кийинки сабакка койулуучу объект өткөн сабактыкына караганда, түзүлүшү татаалыраак. Койулуучу нерсе геометриялык фигура: цилиндр. Бул жерде айлананын келбети бар, кубдун капталы төрт чарчыга караганда, цилиндрдин капталы айлананын түзүлүшүн берүү, үйрөнчүккө татаалдык кылат. Мындай кыйынчылыкты ал билбейт, дагы да болсо оңой эле нерседей көрүнүп, ишти баштаган соң байкайт. Буга себеп, айлананын каптал жагынан тартылышы, анан цилиндрдин арткы капталындагы экинчи айлананын жайгашуусу, перспективанын эрежелер коштоп иштегенде билинет [5].

Үчүнчү сабактагы койулуучу объектке мен шарды сунуштайт элем, себеби кайсы тарабынан карабагын айлана болуп кала берет. Кебетеси, көлөмү, түзүлүшү оңой көрүнгөнү менен, жаңы үйрөнүп жаткан адам иштей келгенде кыйынчылыкка дуушар болот. Шардын сөөгүн же болбосо анын келбетин, конструкциясын түзүп, тартып келгенде, анын түзүлүшүнүн татаалдыгы байкалат. Бул жерде дагы окутуучу студентти шаштырбай, жасап жаткан жумушунун ар бир кадамын талдап жана баамдап иштөөсүн талап кылуу керек. Ушул шардын сүрөтү менен күзгү чейректи аяктоо керек деп эсептейм, себеби бөлүнгөн отуз саатка үч гана сүрөт менен аяктоо керек, убакыт тар, иштелүүчү жумуштар көптүк кылат.


Сүрөт 5



Экинчи же болбосо жазгы чейректи биринчисиндей кылып эле үч койумдан турган, дагы эле отуз саатка деп эсептелинген объектилер турат. Биринчи сааты эки геометриялык фигуралардан турат. Экинчи койумунда үч, ал эми үчүнчүсүндө төрт геометриялык

Сүрөт 6 Сүрөт7 Сүрөт8

фигуралардан турат. Ар бир койуму он саатка деп эсептелинип жатат. Бул жерден кээ бир коллегаларым менен талаш чыгып калышы дагы ыктымал. «Дагы эле геометриялык фигуралар, булардын барысы оңой эле аткарылчу нерселер» деген сөздөр чыгышы толук мүмкүн. Бөлүнгөн сааттар аз болсо, студенттерди «бачым бүтүрүүгө шашылгыла» дегенде, андан соң конфигурациясы татаал нерселерден койумдарды койсок, жаңы эле «телчигип» келе жаткан үйрөнчүккө оор болуп калат дагы, чала сабат студент чыгат. Муну мен дагы кайталайын, жыйырма беш жылга чукулдаган педагогикалык тажрыйбамдан биле алам.



Экинчи курстун биринчи же болбосо күзгү чейрегинде бир эле үй буюмдарынан турган койумдарды сунуштайм. Булардын конфигурациялары геометриялык фигуралардан алда канча татаалдык кылат, бирок биринчи курстан тажрыйба алып

Сүрөт 9 Сүрөт 10

калган студентке мындай тапшырма койууга болот. Мындай иштти оңой-олтоң эле алып кете алат деген ойдон алысмын, бул жерден окутуучунун чоң жардамы керек. 9-сүрөттөгүсүнун түзүлүшү жеңилирээк болуп байкалганы менен кийинки тапшырасы татаалдыкта турат. Бул жерде деле байкаган адамга геометриялык фигуралар кайталанып келип жатат [6].



Экинчи курс болсо дагы, эмне себептен ар бир чейрекке экиден эле койумдар туура келип жатат деген суроо туулат. Туура эле суроолор, бирок койулуп жаткан нерселердин түзүлүшү биринчи курстукуна караганда алда канча татаалдык кылат.

Сүрөт 11. Сүрөт 12.

Буларга мисал болуп берчү сүрөттөрдөн байкоого болот. Ар бирине он төрт же он алты сааттардан берилет деген ойдомун. Алдыда койулган тапшырмалар оңой-олтоң эмес. Окутуучуга мастер-класс ыкмасын колдонууга туура келет жана мурунку сабактардай эле ар бир студент менен үзгүлтүксүз жекече иш алып баруусу зарыл.

Үчүнчү курстун күзгү чейреги менен сүрөт сабагы токтойт. «Эки жарым жыл болот экен, көп эле убакыт турбайбы» деген сөздөр болушу мүмкүн.Ар бир чейрекке бөлүнгөн отуздан саат, маселе чечпейт. Бардыгы жүз элүү саат болот экен. Бирок ушул биртике саат менен деле иштесе болот.

Сүрөт13. Сүрөт14.

Ушундай денгээл менен сүрөт сабагы токтоп калат. Мындан көп койулуп калса, сааттар аз суммада болсо, студент өспөй кала берет. 13-14-сүрөттөрдө, байкаган кишиге, аткарууга бир топ эле убакыт талап кылынары байкалып турат. Эки койумду аткарганда отуз саатты талап кылат.

Мен өзүмдүн оюмду бирөөлөгө таңуулай албайм. Балким кимдир бирөөлөр мындан жакшы, кыйналбай турган, көптөгөн иштерди аткарып кете турган жол таап кетээр. Бирок мезгилдин катаал талабы мен айткан жолду жактырып калаар деген ойдомун.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Могилевцев В.А. Наброски и учебный рисунок. – Санкт-Петербург, 2011.
2. Могилевцев В.А. Образцы для копирования. Уч.пособие.- СПБ.: 4арт, 2013
3. Могилевцев В.А. Основы рисунка. Уч.пособие.- СПБ.: 4арт, 2012 4. Ли Н.Г. Рисунок. Основы учебного академического рисунка/Учебник для студентов художественных техникумов. – М.: Эксмо, 2010
4. Авсиян О.А. Натура и рисование по представлению: Уч.пособие. - М.: Изо.искус, 1985.
5. Адамчик М.В. Дизайн и основы композиции в дизайнерском творчестве и фотографии. - Минск: Харвест, 2010. – 192с

6. Беляева С.Е. Основы изобразительного искусства и художественного проектирования. Уч. пособ. – М.: Академия, 2007. – 208с., ил.
7. Бостон Э., Хьюз Д. Уютный дом. – М.: ЗАО Издательский Дом Ридерз Дайджест, 2003. – 432с.: ил.

УДК:745.5
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-278-283

**Ирсалиева Нургүл Асанбековна**
И. Арабаев атындагы КМУ, көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасы, ага окутуучу
**Ирсалиева Нургүл Асанбековна**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра ИЗО и дизайна, старший преподаватель
**Irsaliyeva Nurgul Asanbekovna**
KSU I. Arabaev, Department of Fine Arts and Design, Senior Lecturer

## ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУДА ДЕКОРАТИВДИК СҮРӨТ ТАРТУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ
## РАЗВИТИЕ ДЕКОРАТИВНОГО РИСУНКА В ФОРМИРОВАНИИ ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ
## DEVELOPMENT OF DECORATIVE PATTERN IN FORMATION CRETIVE ABILITIES

**Аннотация:** Макалада декоративди прикладдык жасалга колдонмо өнөр искусство предметиндеги чыгармачылык ой жүгүртүүнү калыптандырууда, декоративдик сүрөт тартуунун ролу талкууланат. Академиялык сүрөттөрдү туура жана чеберчилик менен аткарып, андан кийин гана декоративдик сүрөттү өздүк дизайны менен байланыштырып тартуу каралат. Кесиптик чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруда стилизация - жалпылоо жана жөнөкөйлөштүрүү түшүнүгүнө токтолуп, аны чыгармачылыкта пайдалануу иштери каралат.

**Аннатация:** В статье рассматривается роль декоративной росписи в формировании творческого мышления в предмете декоративно-прикладного искусства. Планируется правильно и умело выполнять академические рисунки, а уже потом совмещать декоративную роспись личным дизайном. Рассмотрено понятие стилизации – обобщения и упрощения в формировании профессионального творчества, а также рассмотренно его использование в творчестве.

**Annotation:** The article discusses the role of decorative painting in the formation of creative thinking in the subject of arts and crafts. It is planned to correctly and skillfully perform academic drawings, and only then combine decorative painting with personal design. The concept of stylization is considered – generalization and simplification in the formation of professional creativity, as well as its use in creativity.

**Негизги сөздөр:** декоративдик сүрөт, композиция, түс тандоо, декоративдик чечим, стилизация, метод, чыгармачылык менен ой жүгүртүү.

**Ключевые слова**: декоративная живопись, композиция, цветовой выбор, декоративное решение, стилизация, прием, творческое мышление.